КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**17-май 2024-жыл № 5** **Совет айылы**

**"Жайыт жерлерди өз билемдик менен мыйзамсыз алгандар жөнүндө"**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 17-майындагы № 01-17/496 сандуу катындагы, Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы № 30 жайыттар жөнүндө мыйзамынын 2-беренесинин жана 2022-жылдын 8-апрелиндеги ПЖ 109 жарлыгынын, Кеңеш айыл өкмөтүнүн аймагындагы жарандардын жайыт жерлерин өз билемдик менен мыйзамсыз тосуп алынган жерлерди ачтыруу максатында, Кеңеш айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз IV-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнүн аймагындагы жарандардын жайыт жерлерин өз билемдик менен мыйзамсыз тосуп алынган жерлерди ачтыруу жана туура эмес түзүлгөн келишимдерди кайтаруу жагы жактырылсын.

2. Токтомдун аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана айыл чарбасы боюнча жетектөөчү адиси С.Нурсеитовго милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын реестрине киргизүү жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин жооптуу катчысы Ж.Ураимовага милдеттендирилсин.

5. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Б.Матишовко, А.Азимбаевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Ш.Канполотов**